УДК 373.3

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ЭМОЦИОНАЛДЫК ИНТЕЛЛЕКТ – БУЛ АКАДЕМИЯЛЫК ИЙГИЛИКТИН АЧКЫЧЫ

***Кудайкулова Жазгул Иманкуловна- Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети, Кыргызстан/ Ош шаары***
ge4miw@list.ru, *ORCID: 0009-0004-3195-1199*

***Аннотация:*** *Бул изилдөөнүн негизги максаты башталгыч мектепте эмоционалдык интелектин ролун аныктап, башталгыч мектеп окуучуларынын окууга болгон мамилесине эмоционалдык интеллектин тийгизген таасирин аныктоо болуп саналат. Эмоционалдык интеллект – бул адамдын жеке өзүнүн жана айланасындагы адамдардын сезимдерин таануусу, өзүнө ишене билүүсү, өзүн башка бир адамдын ордуна коюп көрүүсү, ар кандай кырдаалда болгон окуяларды түшүнүү менен кабыл алуусу, сабырдуу болуусу, токтоо болуусу, башкалардын дене кыймылдарына, жада калса үн тонуна сезимтал болушу, ар кандай жагдайда өзүн өзү шыктандыра билүүсү жана жеке өзүнүн каалоолорун башкара билүү жөндөмү болуп эсептелинет. Ошол себептен эмоционалдык интеллекти жогору болгон адамдар жаңыланууларга жана өзгөрүүлөргө ачык, аракетчил, өзүнө ишенген, чечкиндүү, башка адамдар менен тил табышууга жана терс кырдаалда туура жооп берүүгө жөндөмдүү болушат. Менин изилдөөмдө эмоционалдык интеллектин башталгыч мектеп жашоосундагы орду толук изилденип, окуучулар менен болгон байланышы каралган. Изилдөөдө берилген маалыматтар тармактык изилдөө аркылуу топтолуп, алынган маалыматтарга таянып, билим берүүдөгү эмоционалдык интеллектин орду каралды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Башталгыч мектеп, эмоционалдык интеллект, академиялык ийгилик, дени сак мамиле.*

# *ЭМОЦИОНАЛЬНЫЙ ИНТЕЛЛЕКТ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ – КЛЮЧ К АКАДЕМИЧЕСКОМУ УСПЕХУ*

***Кудайкулова Жазгул Иманкуловна - Кыргызско-Узбекский Международный университет имени Б. Сыдыкова, Кыргызстан, г. Ош***
**ge4miw@list.ru**, *ORCID: 0009-0004-3195-1199*

***Аннотация****: Основная цель этого исследования-определить роль эмоционального интеллекта в начальной школе и определить влияние эмоционального интеллекта на отношение учащихся начальной школы к обучению. Эмоциональный интеллект-это способность человека распознавать чувства себя и окружающих, быть уверенным в себе, пытаться поставить себя на место другого человека, понимать и принимать события, происходящие в различных ситуациях, быть спокойным, спокойным, чувствительным к движениям тела других или даже тону голоса, уметь вдохновлять себя в любой ситуации и контролировать свои собственные желания. Вот почему люди с высоким эмоциональным интеллектом, как правило, открыты для обновлений и изменений, целеустремленны, уверены в себе, решительны, способны ладить с другими людьми и правильно реагировать в негативных ситуациях. В моем исследовании место эмоционального интеллекта в жизни начальной школы было полностью изучено и рассмотрено его связь с учениками. Данные, представленные в исследовании, были собраны с помощью сетевых исследований, и на основе полученных данных было рассмотрено место эмоционального интеллекта в образовании.*

***Ключевые слова:*** *начальная школа, эмоциональный интеллект, академический успех, здоровые отношения.*

## *EMOTIONAL INTELLIGENCE IN PRIMARY SCHOOL – THE KEY TO ACADEMIC SUCCESS*

***Kudaikulova Jazgul Imankulovna - B. Sydykov Kyrgyz-Uzbek International University***
***Kyrgyzstan, Osh city, ge4miw@list.ru***
*ORCID: 0009-0004-3195-1199*

***Abstract.*** *The main purpose of this study is to determine the role of emotional intelligence in elementary school and to determine the impact of emotional intelligence on the attitude of elementary school students to learning. Emotional intelligence is the ability of a person to recognize the feelings of himself and others, to be self-confident, to try to put himself in the place of another person, to understand and accept events occurring in various situations, to be calm, calm, sensitive to the body movements of others or even the tone of voice, to be able to inspire himself in any situation and control his own desires. That's why people with high emotional intelligence tend to be open to updates and changes, purposeful, confident, determined, able to get along with other people and react appropriately in negative situations. In my research, the place of emotional intelligence in elementary school life has been fully explored and its relationship with students has been examined. The data presented in the study was collected through network research, and based on the data obtained, the place of emotional intelligence in education was examined.*

***Keywords:*** *primary school, emotional intelligence, academic success, healthy relationships.*

Акыркы 10 жылда Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүү салыштырмалуу өнүккөнүнө карабастан, балдардын көпчүлүгү билим жолун башталгыч мектеп жашоосунан башташат. Көптөгөн балдардын социалдык жашоосу, күн тартибинде ата энеден узак убакытка бөлүнүшү жана ийгиликтүү же болбосо ийгиликсиз деген сөздүктөр менен таанышуусу ушул мезгилде болгондугуна байланыштуу, башталгыч мектеп балдардын жашоосунда эбегейсиз чоң ролду ойнойт. Кээ бир балдар бул мезгилди ийгиликтүү аяктаса, башка балдар үчүн мектеп босогосуна кадам таштоо бир топ кыйынчылыктарды жаратат. Бул кырдаал балдардын окууга болгон кызыгуусун эле эмес, үй-бүлөдөгү абалын да таасирлентип, бала менен мектеп ортосунда бир топ көйгөйлөрдү жаратат.

Ал эми Америкалык белгилүү психолог, эмоционалдык интеллект чөйрөсүндөгү белгилүү эксперт, Даниель Гоулманга (1995/2016, 24 ) ылайык, технологиялык өнүгүүлөрдүн натыйжасында азыркы балдар мурдагы муундарга салыштырмалуу эмоционалдык жактан көбүрөөк кыйынчылыка кабылып, ар бир жаңы мурдагы муунга караганда жалгыздыкка, депрессияга, ашыкча эмоцияга, агрессияга жана тынчсызданууга жакын болуп өсүп келе жатканы байкалат. Бул кырдаал, балдардын окууга болгон кызыгуусунун төмөндөшүнө, мектепти четке кагуусуна, жада калса үй ичинде ата-эне, бир туугандары менен баарлашуусуна терс таасирин берет.

Балдардын уй-бүлөдөгү абалы, мектептеги мугалим-окуучу, окуучу-окуучу мамилелери жана окуудагы аракеттери боюнча сезимдеринин (эмоциялардын) маанилүү орду бар экендиги талашсыз чындык. Эмоцияларды көзөмөлдөй билүү, эмпатия (башкалардын кандай сезимде экенин түшүнө билүү), жашоодо жана окууда ийгиликтерге жетүү сыякту эмоционалдык интеллекттеги кемчиликтер депрессиядан баштап, тамактануу системасынын бузулушуна жана баңгизатка болгон көз карандыллыкка чейин барган, балдардагы жаман адаттардын көбөйүүсүнө алып келиши мүмкүн. Ошондуктан баладагы эмоцияларды көзөмөлдөө, аларды натыйжалуу пайдалана билүү, өзүнүн жана өзгөнүн эмоционалдык абалын байкап билүү жөндөмдөр акыл-эс иштешинин маанилүү көрсөткүчү катары кабыл алынат.

Психология тармагына таянып , "эмоция" -сезим, бул бир нерсенин адамдын ички дүйнөсүндө же анын кыймыл-аракетинде жараткан таасирлери деп айта алабыз, ал эми "интеллект" – бул

үйрөнүү жана жаңы көндүмдөргө ыңгайлашуунун корутундусу боло алат. Сезимдердин адамдардын жашоосундагы боло турган ар кандай ийгиликтүү иштеринде жана жеке жашоосунда маанилүү орду бар экенин эске алып, белгилүү илимпоздор "эмоционалдык интеллект" ти иштеп чыгарышып, анын үстүндө бир топ илимий иштерди жүргүзө башташты. Бул аныктамаларга 1980-жылдан бери белгилүү психолог Рэувен Бар-Он эмоционалдык интеллекти "Айлана чөйрөнүн басымы жана каалоолору менен күрөшүүдө ийгиликтүү болуу үчүн адамдын эмоционалдык жана социалдык кыймыл аракеттерин бириктирүү" деп жазгандары кирет. Анын жазууларына көз салсак, "эмоционалдык интеллект инсанды психологиялык жактан жакшы сездиртет" деген сөздөр менен каршылашабыз. (Моллер, 1999)
Америкалык таанымал психологтор Питер Саловей жана Джон Майэр 1990-жылы "эмоционалдык интеллектти" төмөнкүчө түшүндүрүшкөн: "Адам өзүнүн же башкалардын сезимдерин жана эмоцияларын чагылдырып, айырмалай алат жана бул маалыматты өзүнүн ойлору менен иш-аракеттеринде колдоно алат". (Саловей жана Майэр, 1990)
Даниел Големандын 1995- жылы жарыкка чыккан "Эмне үчүн эмоционалдык интеллект IQ дан манилүүрөк?" аталган китебинде, ал эмоционалдык интеллекти "адамдардын жеке сезимдерин түшүнүү аркылуу башкалардын сезимдерине эмпатияны өнүктүрүү жана жашоону көрктөндүрүү үчүн сезимдерин жөнгө салуу жөндөмү" деп атаган. Д.Гоулман айткандай: "мээнин ой жүгүртүү бөлүгү инсандын мээсинин эмоционалдык бөлүгү менен азыктанат." Мээнин ой жүгүртүү жана эмоцияларды сезе алган бөлүктөрү жалпысынан биз жасаган бардык иштер менен иштешет. Ошондуктан, эмоционалдык интеллект көндүмдөрү бизнесте да, жеке жашоодо да ийгилик жана бакыт үчүн абдан маанилүү.
Жогорудагы аныктамаларга таянып, эмоционалдык интеллект адамга өзүнүн, башка адамдардын жана керек болсо жаныбарлардын да сезимдерин түшүнүүгө, сезүүгө, башкарууга жана өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк бер ала турган жөндөм деп айта алабыз. Заман талабына ылайык эмоционалдык интеллектин аныктамасы жана түшүндүрүлүүсү ар дайым жаңыланып, өнүгүп турат.
Ал эми таарых маалыматтарына көз салып, байыркы мезгилдерде адамдардын сезимдери акылга сыйбас жана коркунучтуу болгондуктан , адамдар үчүн сезимдердин бир мааниси болбой, аларга көңүл да бурулбай калганын байкай алабыз. Мисалы, Сократ адамдарга негизсиз эмоцияга алдырып жибербөө керек экенин атса, Платондун мамилеси жалпысынан адамдын сезимдерине тескери көз караште болгон. Этикалык ой жүгүртүүлөрдө Сократтын илимин тааныган көптөгөн Сократтык мектептер адамдар эмоциялардан көз карандысыздыкка, башкача айтканда "апатия"га жетиши керек деп ырасташкан. Ошондуктан , алар инсан өзүнүн кыймыл аракеттеринде эмоцияларынан көз карандысыз болушу керек деп такташкан.
1990-жылдан азыркы мезгилге чейин "Эмоционалдык интеллект" түшүнүгү академиялык чөйрөдө да, коомдо да, жеке адамдык кызыгуусунда да көңүл бурган тема болду.
Белгилүү психолог Даниел Гоулмандын айтуусу боюнча "Эмоционалдык интеллект" 5 негизги компонент аркылуу айтылат:

- Өзүн-өзү таанып билүү (өздүк сезимдер);
- Өзүн-өзү башкара билүү (көзөмөлдөө)
- Ички мотивация;
- Башкалардын сезимдерин түшүнө билүү (эмпатия);
- Башкалар менен дени сак мамиле куруу (соиалдык жашоо);

Ал эми башка психолог Хендри Вайзингер эмоционалдык интеллектин баарлашуу (комуникация) факторуна көп көңүл бурган. Анын айтуусунда, эмоционалдык интеллект адамдардын бир гана жеке жашоосунда гана эмес, иш жашоосунда да негизги ролду ойнойт. (1998)
Ал эми ар бир адамдын жеке жашоосунда, иш жашоосунда ийгилик жарата алышын эске алып, алардын башталгыч мектеп, жада калса башталгыч мектепке чейинки билим берүүдө балдарга "Эмоционалдык интеллек" түшүнүгүн туура жеткирип, өзүн-өзү таанууну, башкарууну, баардык сезимдердин бар экенин, адамдар баардык сезимдерди сезе алышын,

ошону менен бирге башка бирөөнүн сезимин да сезгенге мүмкүнчүлүк бар экенин, көйгөйлөрду баарлашып чече алышын, дени сак мамиле куруунун жолдорун үйрөтө алсак, сезимин, өзүн жана башка бирөөнү сезе билген балдардан , албетте ийгиликтүү жаштар чыгып, ийгиликтүү кадамдар жасалат.

Жогорку эмоционалдык интеллектке ээ болгон окуучулар окуу мезгилинде чыңалууга жана кабатырланууга аз кабыл болушат. Окуу процессинде пайда болгон кыйынчылыктарда, сабырдуулук менен иш алып барышат. Эгерде балдар эмне каалап турганын так жана анык билишсе, мугалим тарабынан берилген тапшырмаларды толук аткара алышат. Сабак учурунда кызыккан болушуп, мугалим жана классташтары менен жемиштүү баарлаша алышат. Бул алардын эмоционалдык интеллектин жогорулашына өбөлгө түзөт. Ал эми эң негизгиси эмоционалдык интеллектин жогору болушу, ар бир окучуунун чыр-чатактан алыс болуушун жана андай мезгилде көйгөйдү баарлашуу жолу менен чечкенге аракет кылышын, ал эми бул баарлашуудан окуу чөйрөсүндөгү достук мамилелеринин бекемделишин айгинелейт. Сезимдерине ээ боло алган окуучулар чыгармачыл жана креативдүү ой-жүгүртүүгө жөндөмдүү болушат. Эмоционалдык интеллекти жогору класс чөйрөлөрү окуу-сабак процессине жана класстагы мектеп климатына оң таасирин тийгизет. Ошол себептүү "күчтүү" деп аталган жеке мектептерде мугалим менен баланын ортосунда дени сак бир мамиле курулган болот. Интернет булактарына, психологиялык жана педагогикалык китептерге таянсак, эмоционалдык инетлект өнүктүрүүгө жана өстүрүүгө мүмкүн болгон интеллектин бир түрү экенин байкайбыз.

Жогоруда айтып кеткендей башталгыч мектепте балдардагы эмоционалдык интеллекти өнүктүрүү ролу анын үй-бүлөсү жана окуган мектебиндеги мугалимге жүктөлөт. Бир канча көндүмдөрүн мисал иретинде төмөндө көрсөтүлдү:

Мугалимдер үчүн:

- сабак учурунда ар бир балага өзгөчө көңүл бурулуп, сөз акысы берилип, бала ички сезимдерин так жана таамай атууга мумкүнчүлүк берүү;
- эмоционалдык интеллекти өнүктүрүү үчүн сабакты ар кандай оюндар менен өткөрүү;
- балдардын ортосундагы чыккан чыр-чатактар мезгилинде, эки тарапты тең уга билүү жана туура чечүүнү үйрөтүү.

Ата-энелер үчүн:

- ар бир ата-эне балдарын таанып билүүсү, анын кызыкчылыктарынан кабардар болуусу, балага тиешелүү ар бир маселеде ал менен маектешип анан тыянак чыгаруусу зарыл;
- мектептен тышкары мезгилде, үйдө, конокто жана коомдук жайларда балага өз сезимдерин эркин билдирүүгө мүмкүнчүлүк берүү;
- үй-бүлөдөгү балдардын бири-бири менен болгон маектешүүсүнө көңүл бөлүү;
- балдарга көп убакыт ажыратуу.

Окуучулар үчүн:

- "күндөлүк" жазуу;
- мектепте жана үйдө өзүнүн сезимдери тууралу эркин ой бөлүшүү;
- сүрөт тартуу менен алектенүүсү;
- бала өзү каалабаган учурда, ал менен сүйлөшүү жүргүзбөгөнгө аракет кылуу;
- музыкалык аспаптарда ойноо;
- физикалык көнүгүүлөр менен алектенүү.

Кыргызстанда "Эмоционалдык интеллект" түшүнүгү кеңири жайыла баштады. Өзгөчө билим берүүдөгү орду мектепке чейинки жана башталгыч мектептерден тартып, баардык бимлим берүү системаларында талкууланууда. Ошондой эле жалгыз мугалимдердин бул багытта өздөрүнү билимин өркүндөтүүсүнө шарт түзүлүп гана калбастан, ата-энелер үчүн да

бир топ долбоорлор иштелип чыгууда. Айрыкча, баланын ымыркай мезгилинде эне менен көп убакыт өткөрүүсү, үй-бүлөөлүк абалы, социалдык жашоосу жана сезимдери менен болгон мамилеси, башталгыч мектеп учурунда мугалимге баладагы эмоционалдык интеллектти өстүрүүгө жеңилдик берет деген пикирлер айтылууда. Окуу мезгилинде бала тарабынан алынган билимди жогорулатуу үчүн , билим берүүдөгү эмоционалдык интеллектин ордуна көңүл буруу керек. Анткени ар бир бала жаштайынан тартып, өзүн таанып билип, өз сезимдерин эркин жана ачык айтып, айланасындагы адамдар менен дени сак мамиле куруп, социалдык жашоосун жөнгө салып, мектеп чөйрөсүндө өзүн эркин алып жүрсө, ал баланын эмоционалдык жана психологиялык жактан да ден соолугу чың шарттарда өнүгөт. Бул шарттарда өнүккөн балдар келечекте көп ийгиликтерге ээ болушу анык.

Колдонулган адабияттар:

1. Големан Д. “Эмоционалдык интеллект: Эмне үчүн ал IQден маанилүү?” Москва: АСТ Пресс, 1995.
2. Выготский Л.С. “Психологиялык өнүгүү жана билим берүү.” Москва: Педагогика, 1986.
3. Хендри Вайзингер “иш чөйрөсүндөгү эмоционалдык интеллект.” Нью-Йорк , 1998.
4. Питер Саловей “Emotional Development and Emotional Intelligense: Educational Implications” Нью-Йорк, 1997.
5. Эльконин Д.Б. “Окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрү жана билим берүү.” Москва: Просвещение, 1974.4. Маклеод, Б. “Эмоцияларды башкаруу жана социалдык интеллект.” Лондон: Routledge, 2012.
6. Коломиец Л.В. “Башталгыч мектепте адабий окуу сабагынын методологиясы.” Киев: Освита, 2013.
7. Смайылов Т. “Кыргыз элинин фольклору жана эмоционалдык тарбия.” Ош: Нуска, 2020.
8. Хекман Д. “Социалдык жана эмоционалдык көндүмдөр: Бала өнүгүүсүнө таасири.” Женева: ЮНИСЕФ, 2017.
9. Рэувен Бар-Он “The Bar-On Model of Emotional-Social Intelligence” Нью-Йорк, 1997.
10. Бокотаева , В. (2024). РОЛЬ ЭМОЦИИ БЛАГОДАРНОСТИ ВО ВЗАИМООТНОШЕНИЯХ С ДЕТЬМИ. Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова, 2(2), 80–86. https://doi.org/10.56122/.v2i2.258
11. Даминова, И. (2024). РОЛЬ ОБЩЕНИЕ В СЕМЕЙНОМ ВОСПИТАНИЕ ДЕТЕЙ. Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова, 2(2), 95–100. https://doi.org/10.56122/.v2i2.234